## Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2015-жылдын март айы)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Карооо алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рынокто Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча үч аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн. Мамлекеттик казына облигацияларынын (мындан ары - МКО) жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 75,9 пайызга көбөйүү менен 598,0 млн сомду түзгөн. Суроо-талап көлөмү 494,0 млн сомду түзгөн (+31,6 пайыз). Карооо алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан 2 жылдык МКО сунушталып, ошондой эле 3 жылдык МКО кайрадан сатылып башталган. Мында, 2 жылдык МКОнун сатылышы 30,6 пайызга, 444,0 млн сомго чейин көбөйгөн, бул коммерциялык банктар жана инвестициялык инвесторлор тарабынан жигердүүлүктүн бир аз көбөйүшүнөн улам жүргөн. 3 жылдык МКОнун сатылышы 62,5 млн сомду түзгөн. Натыйжада, канааттандыраарлык суроо-талаптын деңгээли 8,3 п.п. төмөндөп, 82,3 пайызды түзгөн.

Карооо алынып жаткан мезгил ичинде МКОнун бардык түрлөрү боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 3 айлык баалуу кагаздарды сатуудан улам, ай ичинде 2,2 п.п. көбөйүү менен 17,2 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. 2 айлык баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү  март айында 15,2 пайызды (+0,1 п.п.), 3 жылдык – 17,4 пайызды түзгөн.

**2-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**



Жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү жыл башынан бери 8,1 млрд сомго чейин (+13,2 пайызга) көбөйгөн. Мында, негизги ээлик кылуучулардын-институционалдык инвесторлордун үлүшүн 54,2 пайызга чейин(+2,1 п.п.) арттыруу тенденциясы улантылган. Коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 2,1 п.п. төмөндөп, 45,7 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Юридикалык жактардын-резиденттердинт салыштырма салмагы мурдагыдай эле 0,1 пайыз деңгээлинде сакталган. Жеке адамдардын-резиденттердин салыштырма салмагы МКО портфелинин бир аз көбөйүшүнөн улам анча деле мааниге ээ болгон эмес.

Ай жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунда концентрациялануу индекси[1] 0,33 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвесторлордун катышкандыгына дал келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент жеке жактар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.04.2014 | 5 916 280,0 | 3 073 612,1 | 52,0% | 2 836 967,9 | 48,0% | 0,0 | 0,0% | 5 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2014 | 6 404 580,0 | 2 939 877,8 | 45,9% | 3 459 002,2 | 54,0% | 0,0 | 0,0% | 5 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2014 | 6 826 480,0 | 3 161 885,4 | 46,3% | 3 658 894,6 | 53,6% | 0,0 | 0,0% | 5 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2014 | 7 081 360,0 | 3 195 535,4 | 45,1% | 3 880 124,6 | 54,8% | 0,0 | 0,0% | 5 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2014 | 7 071 350,0 | 3 275 785,4 | 46,3% | 3 788 864,6 | 53,6% | 0,0 | 0,0% | 6 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2014 | 6 994 600,0 | 3 084 681,3 | 44,1% | 3 903 218,7 | 55,8% | 0,0 | 0,0% | 6 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2014 | 7 208 100,0 | 3 318 252,5 | 46,0% | 3 883 147,5 | 53,9% | 0,0 | 0,0% | 6 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2014 | 7 229 000,0 | 3 368 300,4 | 46,6% | 3 853 999,6 | 53,3% | 0,0 | 0,0% | 6 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2014 | 7 218 400,0 | 3 390 223,4 | 47,0% | 3 821 476,6 | 52,9% | 0,0 | 0,0% | 6 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2015 | 7 156 300,0 | 3 420 223,4 | 47,8% | 3 729 376,6 | 52,1% | 0,0 | 0,0% | 6 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.02.2015 | 7 493 150,0 | 3 523 928,0 | 47,0% | 3 902 472,0 | 52,1% | 50,0 | 0,0% | 6 700,0 | 0,1% | 60 000,0 | 0,8% |
| 01.03.2015 | 7 717 100,0 | 3 601 628,0 | 46,7% | 4 108 772,0 | 53,2% | 0,0 | 0,0% | 6 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2015 | 8 103 650,0 | 3 706 678,3 | 45,7% | 4 390 221,7 | 54,2% | 50,0 | 0,0% | 6 700,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% |

[1] Бул индекс банк портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээлин көрсөтөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болуучу маанилери 0дөн 1ге чейинки маанини камтыйт. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси рынокто бирдей үлүшкө эки катышуучунун; ал эми 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.